«БЕКИТЕМИН»
Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ректору, техника илимдеринин доктору,
профессор ________ К. Ж. Усенов
«_05_» _03_ 2019-жыл

**Кашматова Жамиля Ашировнанын «Башталгыч класстын болочок мугалимдеринин ден соолугун чыңдоо боюнча ишмердүүлүгүн калыптандыруу» деген темада 13.00.01–жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме Жалал-Абад мамлекеттик университетинин «башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы» кафедрасынын**

## ПИКИРИ

**1. Изилдөө темасынын актуалдуулугу.** Элдин саламаттыгын чыңдоо жана активдүү жашоосун узартуу проблемасы коомчулуктун, мамлекеттин жана адистердин көңүл бурган предмети болгон жана боло берет. Бул проблеманы ийгиликтүү чечүү азыркы учурда өзгөчө актуалдуулукка ээ болду, себеби акыркы жылдарда жаралган социалдык жана экономикалык кырдаал Кыргызстандын элинин бардык топторунун жана категорияларынын ден соолук көрсөткүчтөрүнүн төмөндөшүнө алып келди. Студент жаштардын ден соолугунун өнүгүшүнүн абалы токтоосуз чечүүнү талап кылган проблема. Балдардын, өспүрүмдөрдүн жана жаштардын көпчүлүк бөлүгүнүн дене тарбиялык өнүгүүсү, дене тарбиялык даярдыгы жана функционалдык мүмкүнчүлүктөрү каралган курактын нормативдик көрсөткүчтөрүнөн артта калышы жана дал келбеши адистер (педагогдор, врачтар) тарабынан белгиленген.

Ж.А. Кашматованын изилдөөсү да ушул багытта башталгыч класстын болочок мугалимдеринин ден соолугун чыңдоо ишмердүүлүгүн

калыптандыруунун натыйжалуу жолдорун жана педагогикалык шарттарын аныктоого багытталган.

Диссертациялык изилдөөдө белгиленген актуалдуулукту, педагогикалык-психологиялык булактарды изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын талдоо, ЖОЖдо дене тарбиясынын берилишин изилдөө, башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин өз ден соолугун чыңдоо ишмердүүлүгүн калыптандырууга көп көңүл бурулбагандыгы жана бир канча объективдүү карама-каршылыктар жана аларды чечүү зарылчылыктары көрсөтүлгөн.

Бул карама-каршылыктар: милдеттүү окуу сабактарынын түрлөрү менен катар өз алдынча иштердин көптөгөн потенциалын тереңирээк, теориялык жана методикалык жактан негизделген түрдө колдонуу; ЖОЖдордун 1-,2-курстарында окуу планы боюнча бөлүнгөн жумасына төрт сааттык милдеттүү сабактын алкагында студенттин дене тарбиясын калыптандыруу максатына жетүүнүн мүмкүн эместиги; дене тарбиялык ишмердүүлүктү өз алдынча уюштуруу даярдыктардын жетишсиздиги менен шарттальшы; дене тарбия сабагындаден соолугун чыңдоодо көпчүлүк студенттердин олуттуу кыйынчылыктарга туш болору белгиленген. Демек, диссертациянын мазмунунда берилген проблеманы актуалдуу деп эсептөөгө негиз бар.
Жогоруда айтылгандардын негизинде Ж.А.Кашматованын диссертациялык эмгегин азыркы учурдун талабына туура келгендиктен, илимий-практикалык актуалдуулугу жогору изилдөөлөрдүн катарына кошууга болот.

**2. Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизденүү даражасы**

Изденүүчү илимий булактардагы адамдын ишмердүүлүгүнүн жана чыгармачылыгынын мазмуну, субъекттик иш-аракеттерге мамилесинин өзүн-өзү уюштуруунун ролу жөнүндөгү философиялык жоболор жана гуманисттик концепцияларга таянуу менен билим берүү процесстерин өнүктүрүү формаларынын объективдүү жана субъективдүү факторлорго, анын ичинде коомдун керектөөлөрүнө, өздөштүрүлүп жаткан объекттердин

маани-маңыздарына, илимдердин абалына, үстөмдүк кылган көз караштарга ж.б. жараша боло тургандыгын тастыктайт.

Ошондой эле изденүүчү системалык-бүтүндүк, таанып-билүүчүлүк, өз алдынчалык инсандын сапаты катары бири-бири менен тыгыз байланышкан элементтердин бирдиктүү комплекси: башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин ден соолугун чыңдоо ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери; “Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы” профилинде окуган студенттердинден соолугун чыңдоо ишмердүүлүгүнө даярдыгын калыптандыруунун иш–аракеттери; башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин ден соолугун чыңдоо ишмердүүлүгүн калыптандыруу боюнча системаны иштеп чыгуу; “Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы” профилинде окуган студенттердин дене тарбия сабагында талаптарды натыйжалуу ишке ашыруучу педагогикалык шарттардын көрсөткүчтөрүн эксперименттик негиздөөлөрү жоболорун негиз туткан.

Ж. А. Кашматова башталгыч класстын болочок мугалимдерининден соолугун чыңдоо ишмердүүлүгүн калыптандыруунун репродуктивдүү, продуктивдүү, чыгармачылык деңгээлдериндеги көрсөткүчтөрдү аныктаган.

Диссертант коюлган максат, милдеттерди чечүүдө кесиптик жана илимий теориялык, методологиялык жактан даярдыгынын жеткилең экендигин көрсөтө алган. Изилдөөнүн максаты менен натыйжаларынын ортосунда тыгыз ички логикалык биримдик камсыз кылынган. Изилдөөнүн милдеттери, коргоого коюлган жоболор, корутундулар толугу менен анын мазмунуна дал келет.

**3. Изилдөөнүн илимий жана практикалык маанилүүлүгү**

Диссертациялык изилдөөдө төмөндөгүдөй жаңы илимий натыйжалар алынган:

– башталгыч класстын болочок мугалимдеринин ден соолугун чыңдоо ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери иштелип чыгылган;

– “Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы” профилинде окуган студенттерге дене тарбиясын берүүдө аны натыйжалуу практикалык турмушка ашыруунун педагогикалык шарттарынын комплекси аныкталган жана эксперименталдык жактан негизделген.

Ж.А. Кашматованын «Башталгыч класстын болочок мугалимдеринин ден соолугун чыңдоо боюнча ишмердүүлүгүн калыптандыруу» деген темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясында көрсөтүлгөн натыйжалар педагогика илимине, анын ичинде окутуунун жана тарбиялоонун теориясы боюнча илимий билимдердин өнүгүшүнө олуттуу салым кошот деп эсептөөгө болот. Башталгыч класстын болочок мугалимдеринин ден соолугун чыңдоо ишмердүүлүгүнө даярдыгын калыптандырууда аныкталган шарттардын: окутуучу менен студенттин жагымдуу өз ара мамилелешүүсү; студенттердин лидерлик жана спорттук амбицияларын ишке ашыруу; студенттер тарабынан өз дене тарбиясынын «образын» түзүү; студенттердин учурдагы жана келечектеги даярдык деңгээлин калыптандырууга максаттуу багыт берүү; сабактарда активдүү жумушту колдоо; өз курагы үчүн идеалдуу көрсөткүчтөр менен жеке көрсөткүчтөрүн салыштыруунун теориялык системасын түзгөн.

Алынган натыйжалар ички биримдикке жана логикалык ырааттуулукка ээ. Практикалык сунуштар текшерилген теориялык жоболорго негизделген.

Диссертация Кыргызстанда бул проблемага арналган жаңы изилдөөлөрдүн катарына кирет.

**4. Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу боюнча конкреттүү сунуштар**

Диссертацияда берилген практикалык сунуштарды:“Дене тарбия” окутуу-илимий дисциплинасын үйрөнүүнүн стратегиялык максаты дене тарбиясынын социалдык–гуманитардык багытталышына ылайык студенттерди ДТИге, дене тарбиясынын баалуулуктарын өзүнө ыйгаруу ишмердүүлүгүнө даярдыгын калыптандыруунун сунушталгандыгын; 1)

ЖОЖдо окуган жылдар үчүн перспективалуу программа; 2) жылдык программа; 3) ар бир ай үчүн программаны иштеп чыгуу зарыл экендигин; ДТИнин класстан тышкаркы сабактарынын көлөмүн жана мазмунун студенттер өз алдынча өз каалоосу боюнча дене тарбия жана спорт менен машыгуусун жеке максаттарына ылайык аныктоосу керектигин; студенттердин жыйынтыктоочу этапта өзү тандаган спорттун түрүндө өркүндөөнүн жеке программаларын өз алдынча түзүүсү жана аларды дене тарбия сабактарынын жүрүшүндө ошондой эле ДТИнин өз алдынча процессинде ишке ашырууну маанилүү деп көрсөтүүнү башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин ден соолугун чыңдоо ишмердүүлүгүн калыптандырууда түздөн-түз жетекчиликке алууга болот.

Эксперимент учурундагы баалоолордун жыйынтыгынын мазмундук жактан да, эксперименттик программа мененокутуу жагынан да сапаттуулугун жана натыйжалуулугун ырастоо менен аларды ЖОЖдордо колдонуу үчүн сунуш кылууга боло тургандыгын тастыктаган. Изилдөө ишинин тууралыгы, эксперименттердин жыйынтыктары жана изилдөө иштеринин натыйжалары ЖОЖдордогу окутуу процессинде колдонуунун ийгиликтүүлүгү менен аныкталат. Изилдөөнүн материалдары жогорку окуу жайларда башталгыч класстардын болочок мугалимдерин кесиптик-педагогикалык жактан даярдоонун мазмунун жана методикасын өркүндөтүүдө колдонууга болот.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши**

Ж.А. Кашматованын «Башталгыч класстын болочок мугалимдеринин ден соолугун чыңдоо боюнча ишмердүүлүгүн калыптандыруу» деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши бардык компоненттери боюнча авторефераттын мазмунуна негизинен дал келет.

Авторефераттын орус жана англис тилиндеги резюмеси кыргызча мазмуну менен идентүү талапка ылайык аткарылган.

**6. Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта байкалган айрым мүчүлүштүктөр**

Диссертациялык жумуштун айрым мүчүлүштүктөрү катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:

1.Диссертациялык иштин мазмунунда көптөгөн сүйлөмдөр татаалдашып кеткен.

2. Диссертациялык иштеги сүйлөмдөрдө орфографиялык каталар кездешет.

Албетте, аталган кемчиликтерди диссертациянын мазмундук чектерин тереңдетүү багытындагы сунуштар катары кабылдоого болот жана алар изилдөөнүн теориялык жана практикалык натыйжаларына олуттуу таасир эте албайт.

**7. Диссертациянын КРнын "Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү" жобонун 10 п. ылайыктуулугу**

Ж.А. Кашматованын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган изилдөө катары кароого болот. Изилдөөнүн мазмуну жана андагы алынган жыйынтык жободогу көрсөтүлгөн критерийлерге толугу менен жооп берет.

Диссертациялык иштин натыйжалары боюнча 16 макала, алардын ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан сунушталган мезгилдүү басма сөздөрдө жарыяланган 10 макалалары, Казак Республикасынын илимий журналдарында жарыяланган 2 макаласы, РИНЦ системасында регистрацияланган, Россия Федерациясынын илимий журналдарында жарыяланган 2 макаласы да бар. Автордун илимий-методикалык сунуштамалары изилдөөнүн негизинде формулировкаланган теориялык жоболорду, практикалык сунуштарды өз ичине толук камтыйт.

Кашматова Жамиля Ашировнанын «Башталгыч класстын болочок мугалимдеринин ден соолугун чыңдоо боюнча ишмердүүлүгүн

методикалык сунуштамалары изилдөөнүн негизинде формулировкаланган теориялык жоболорду, практикалык сунуштарды өз ичине толук камтыйт.

Кашматова Жамиля Ашировнанын «Башталгыч класстын болочок мугалимдеринин ден соолугун чыңдоо боюнча ишмердүүлүгүн калыптандыруу» деген темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө» жобонун №10 пунктуна ылайык коюлган талаптарына толук жооп берет. Ал эми изденүүчү Ж.А. Кашматова 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот.

Пикир Жалал-Абад мамлекеттик университетинин «башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы» кафедрасында 2019-жылдын 27-февралындагы отурумунда протокол № 13 талкууланып бекитилген.

Жыйындын төрайымы,
педагогика илимдеринин доктору,
профессор Сакиева С.С.

П.и.д., профессор С.С. Сакиеванын колун тастыктаймын.

ЖАМУнун окумуштуулар кеңешинин катчысы,
педагогика илимдеринин кандидаты Нусупова Р.С.